# № 11 Эргеш Алиев атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин Үч тараптуу келишими.

25.10.2021

## Келишим

20-январь, 2021-жыл

Биз үч тараптуу келишим түзүүчүлөр.

Биринчи жактан Сакалды айыл окмоту тарабынан айыл өкмөтунун төрагасы Масиров Шаирбек Маматкулович, экинчи тараптан №11 Эргеш Алиев атындагы жалпы билим берүүчү мектебинин директору Осмонов А үчүнчү тараптан мектептин кесиптик уюмунун төрайымы Г Тороевалар болуп келишим түзүп кол коёбуз.

Келишимдин максаты :

1.Мектеп базасын чыңдоо жана сактоо боюнча иш чараларды уюштуруу.

2.Мектеп кызматкерлерине эмгек шарттарын эмгек коопсуздугун түзүү.

3.Бүтүрүүчү спонсорлор менен тыгыз байланышта болуп аларды мектеп базасын өнүктүрүүдө пайдалануу.

Биринчи тарап мектеп директору Осмонов А милдеттенет.

1.Мугалимдердин ишине ыңгайлуу шарт түзүп берүүгө.

2.Администрация мугалимдердин ставкасын минимум 1 ставкада кем эмес саат менен камсыз кылууга.

3.Предметтик мугалимдерди кабинет менен камсыздайт.

4.Кабинеттердин нормалдуу температурада жылытуу жана жарык менен камсыздоого милдеттенет Айыл өкмөттүн жардамы менен.

5.Мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүп берет.

6.Техникалык коопсуздук чараларын түзөт жана көрөт.

7.Республикалык жана райондук зоналык жана мектептин ичиндеги конкурстарга катышуучуларды жана жеңүүчүлөрдү материалдык моралдык жактан сыйланышын көзөмөлдөйт.

8.Семинар тренингдерди уюштуруу үчүн мугалимдерге жардам берет.

9.Жаш адистерге методикалык жактан жардам берүүгө жана насаатчылар менен иштөөсүн көзөмөлдөйт.

10. Айыл өкмөт менен биргеликте мектеп администрациясы окуучуларга жана муглимдерге иштөө үчүн шарт түзүп берилет.

**Кесиптик уюм милдеттенет.**

1. Эмгекти уюштурууну жакшыртуу жана өндүрүштүн натыйжалулугун жогорулатуу үчүн аракет жасайт.
2. Эмгектин келишимдерин бузуу жана түзүү себептерин аныктайт жана эмгектенүүсүн көзөмөлгө алат.
3. Ички эмгек эрежесин жана эмгек тартбин жөнгө салуу үчүн жардам берет.
4. Жумуш убактысын жана дем алуу убактысын туура бөлүштүрүп берүүсүн көзөмөлдөйт.
5. Эмгектик чыр чатактарды иш таштоолорду иштен массалык бошотууларды болтурбай калуу үчүн алдын ала иш чараларды түзүп шарттарды түзөт.
6. Жамааттык келишимди аткарылбагандыгы үчүн тараптарды жөнго салуу үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келишимге келтирүүгө аракет жасайт..
7. Мугалимдердин жашоо шарттын үйрөнүп чыгып көзөмөлгө алат
8. Пенсионерлердин үй жумуштарына жардам берүү үчүн иш чара түзөт, майрамдарда чакырып сыйлашка аракет жасайт.

**Айыл өкмөт милдеттенет**

1. Кыш мезгилинде мектепти жылытууга жардам берет.
2. Мектептин материалдык базасын чыңдоо жана күндөлүк муктаждыгын камсыз кылууга жардам берет.
3. Мектепти жана алдынкы мугалмдерди сыйлоо үчүн материалдык жардам көрсөтөт.
4. Мектептеги иштеп жаткан жаш адистерге колдоо көрсөтүү максатында алар арыз менен кайрылганда үй салуу үчүн участок берүү пландаштырылат ..
5. 1-4-класстардын тамактануусу үчүн шарт түзүү үчүн жардам берет.
6. Балдардын маданий жактан тарбиялоодо аларды түрдүү конкурстарга катышуусуна жардам берет.
7. Мугалимдерге комуналдык чыгымдары үчүн тазалык сактоо үчүн чарбалык материалдык жактан жардам берет.

8. “Билим берүү” мыйзамынын 36-беренесине негиз мектептерге кайра бөлүштүрүү Фондунан жер бөлүп берүү.
9. “Билим берүү” мыйзамынын 32-беренесине негиз жаш адистерге 10 оклад өлчөмүндө бир жолку берилүүчү жөлөк пулун берүү.
10. “Билим берүү” мыйзамынын 32-беренесине негиз билим берүү кызматкерлерин медициналык кароодон акысыз өткөрүүгө жардам берүү.

1. Келишим 2021-2023-жылдарга эсептелген. Келишим кол коюлгандан баштап өзкүчүндө болот.
2. Келишм түзүүчүлөр жогоруда айтылган иш чараларды текшерип аны иш жүзүнө ашуусун уюштурат. Эч кандай жак келишимдеги милдеттерди аткаруудан баш тарта албайт.

Сакалды айыл өкмөтүнүн

башчысы Масаиров.Ш.М.

____________________

№11 Эргеш Алиев а.ж.б.б

мектебинин директору

Осмонов А.К.

____________________

Кесиптик бирикменин

төрайымы Г.Тороева.

____________________

# ЭМГЕК КЕЛИШИМИ

Кыргызстан айылы «_15_»12.2021-22-ж

№11 Эргеш Алиев атыдагы орто мектебинин директору Р.Эрмеков мындан кийин жумуш берүүчү эки тараптан_Баштапгыч класс_мугалими, Искендорова М.С мындан кийин аткаруучу менен 2021-2022-окуу жылдары үчүн төмөндөгү эмгек келишимин түзөбүз.

**Жумуш беруучу милдеттенет**

1.Эң кеминде____саат сабак менен камсыз кылат. Бирок мугалимдин билимине, ишмердүүлүгүнө, жөндөмдүүлүгүнө жараша сааттарынын көбөйүүсү же азайышы мүмкүн.

2.______________________ каанасын жана_3_-класс жетекчилигин тапшырат.

3.Айлык акысы өкмөттүн шартына карап тарификациясын негизинде төлөнүп берилет.

4.КРнын эмгек кодексинин нормаларынын негизинде мектеп шартына ылайык шарттарды түзүп берет жана коюлуучу көйгөйлөрүн мүмкүнчүлүккө жараша сезет.

5.Мектеп жетекчиси менен кесиптик уюмунун арасында түзүлгөн жамаат келишиминде көрсөтүлгөн жоопкерчиликтерди өз убагында аткарат.

6.Натыйжалуу эмгеги сыйланып, мектеп админстрациясынын жана жогорку органдарга чейин сыйлыктарга сунуш кылат. Кварталдык түрткү берүүчү гранд аркылуу эмгегин баалайт. Тескерисинче сабактарды кыскартылып сөгүш берилет жана иштен бошотконго чейинки чаралар колдонулат.

Аткаруучу милдеттеме алат

1.Билим мыйзамы, билим берүүгө байланыштуу болгон башка мыйзам жана көрсөтмөлөрдү өздөштүрүшөт, аткарылышы камсыз кылат.

2.Предмети боюнча окуу прогрммаларын толук аткарылышына жана мамлекет стандартынын талабынын аткарылышына толук жооп берет.

3.Бардык мамлекеттик иш кагаздарын аныктык менен өз убагында толтурат жана кетирген кемчилиги боюнча жоопкерчиликке тартылат.

4.Ар дайым кесиптик билимин өркүндөтөт сабактарды жаны усулдук ыкмалардан пайдаланып, жогорку деңгээлде өтөт жана билим сапатын 70%ке жеткирет. Жумасына 2саат сабакка катышып, анализ жасайт жана көргөзмө куралдардан эффективдүү пайдаланат.

5.Эмгек кодексинин талаптарын толук аткарат жана мектеп админстрациясынын жана коомдук тапшырмаларын иш убагына карабай сөзсүз аткарат.

6.Мугалимдердин этикасын сактайт жана техника коопсуздугунун эрежелерине толук жооп берет.

7.Сабактар, карос-сынактар, ишембиликтер жана башка жумуштар убагында аткарылгандыгы, окуучулардын ден-соолугуна, өмүрүнө толук жооп берет.

8.Мектеп админстрациясы жана кесиптик уюмунун ортосунда түзүлгөн келишим шарттарын сөзүз аткарат.

9.Окуу жылы аяктагыча же ордуна кесиби боюнча кадыр таап коймоюнча иш ордун таштап кетпейт.

10.Мамлекеттик мүлктү көз карегиндей сактайт жана сынса же жоголсо төлөп берет.

11.Мектептин ички эрежелерине толук баш ийет.

Бул келишимде көрсөтүлгөн суроолор КРнын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**ЭСКЕРТМЕ:** 1.Келишим 2021-2022-окуу жылы үчүн түзүлүп бирдей күчкө ээ жана эки тарап кол койгон күндөн күчүнө кирет.

2.Келишим эки нускада түзүлүп 1-иш берүүчү, 2-аткаруучуда сакталат.

Иш берүүчү: Кесиптик уюмдун төрайымы:

Мектеп директору___________ Эрмеков Р ________ Тороева Т

Аткаруучу:___________________мугалим

«Бекитемин»

Мектеп директору:

08.09.2021

Р. Эрмеков

**№ 11 Эргеш Алиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022 окуу жылындагы ата-энелер комитетинин иш планы**

| № | Иштелүүчү иштер | Убагы | Жоопту |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелер чогулушун өткөрүү. Ата-эне комитетин жана мүчөлөрүн шайлоо. | Сентябрь 2-жума. | Администрация<br>Кл. жетекчилер<br>Ата-энелер комитети |
| 2 | Класста ата-энелер чогулушун өткөрүү. | Чейрек сайын | Кл. жетекчилер<br>Ата-энелер комитети |
| 3 | Окутуу процесинде окуучулардын сабакка болгон катышуусуна көзөмөл. | Жыл ичинде | Ата-энелер |
| 4 | Ата-энелер үчүн «ачык эшик» күнүн өткөрүү | Ар жуманын 5-күнү | Предметтик мугалимдер<br>Кл. жетекчилер |
| 5 | Мектептин материалдык техникалык- базасын, имараттарын, аймагынын шартын жакшыртууга колдоо көрсөтүү. | Дайыма | Ата-энелер комитети |
| 6 | Ата-энелердин жалпы чогулушу 2021-2022 окуу жылындагы окуу процессинин тарбия иштеринин жалпы жыйынтыгы:<br>-мектептин ремонт иштери жана окуучулардын жайкы эс алуусу. | Май 2-жума | Администрация<br>Кл.жетекчилер |
| 7 | Ата-энелер. Мектеп администрациясы менен биргеликте «энелер мектебин» уюштуруу | Жыл ичинде | Администрация<br>Ата-энелер комитети<br>Кл. жетекчилер |

Ата-энелер комитетинин төрагасы: Турдубаев. Б.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2008- жылдын 11-августь №495/1 буйругу менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитети жөнүндө типтүү

# ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2.Ата-энелер комитети жөнүндө жобо жалпы мектептин ата-энелер чогулушунда кабыл алынып , бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.

1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары "комитет" деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчёт) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү – 3 жыл(же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырып турат.

1.4. Анын иш аракетинин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.

1.5. Комитеттин иш аракеттери Кыргыз Республикасынын "балдар жөнүндөгү" Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү" типтүү жобого, "Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы" жана ушул жобого ылайык ишке ашырылат.

1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мепктептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.

## I. Негизги милдеттери

## Ата-энелер комитетинин милдеттери.

2.1. Жалпы билим берүүчү мектептин жетекчисине:

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарында балдар менен мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн милдеттүү түрдө жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алуусуна;

-- мамлекеттик билим берүү уюмдарындагыдай эле мамлекеттик эмес жалпы билим берүү уюмдарында да Кыргыз Республикасынын ченемди – укук актыларына ылайык, окуучулардын окуу жүктөмү (нагрузкасы), сабактардын тартиби, үйдөн окуусуна жана дарылоо мекемелеринде окутууга;

-- жалпы мектептик иш чараларды уюштурууга жана аларды өткөрүүгө көмөк көрсөтөт

2.2. Жалпы билим берүүчү уюмдардын окуучуларынын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен аларды укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү, үй-бүлөдө

баланы тарбиялоо, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдарды башкаруу процессине тартуу боюнча иштерди жүргүзүү болуп эсептелет.

3. Жалпы мектептик ата – энелер комитетинин функциялары

3.1. Окуу-тарбиялык процессти уюштуруу үчүн (окуу китептерин, көрсөтмө усулдук куралдарды сатып алууга, аларды даярдоого, окутуу жабдуулары менен камсыз кылууга ж.б.) оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттердин иш аракеттерин координациялайт.

3.3. Окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) арасында окуучулардын ата-энелеринин жана окуучулардын укуктары менен милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана консультативдик иштерди өткөрөт.

3.4 Жалпы мектептин иш –чараларды өткөрүүгө көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелер комитетинин билгилигине (компетенциясына) таандык жалпы мектептик ж.б. иштерди өткөрүү маселелери боюнча тең башкаруунун башка да органдары менен бирге өз ара иш алпарат.

3.5. Жалпы билим берүү уюмун жаңы окуу жылына карата даярдоо иштерине катышат.

3.6. Жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги менен бирдикте балдардын билим алууга болгон аракетин уюштурууну, окуучулардын тамактануусунун жана медициналык жактан тейленүүсүнүн сапатын уюштурууну көзөмөлдөйт.

3.7. Ата-энелердин жалпы мектептик чогулуш-жыйналыштарын өткөрүүдө жалпы билим берүү уюмунун жетекчилигине жардамдашат.

3.8. Өз дарегине, ошондой эле ушул жобо тарабынан комиттеттин билгилигине таандык Жобо тарабынан белгиленген маселелер боюнча түшкөн кайрылууларды жалпы билим берүү уюумунун жетекчисинин тапшыруусу боюнча карап чыгат.

3.9 Комитеттин билгилигине кирген маселелер боюнча жалпы билим берүү уюмунун чектелүү актыларын талкуулайт.

3.10. Билим берүү процессин жүзөгө ашыруунун жана санитардык-гигиеналык эрежелери менен нормаларын аткаруунун коопсуздук шарттарын уюштурууга катышат.

3.11. Мектеп шарттары менен мектеп турмушунун ыйңайларын пропагандалоо маселеси боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

3.12. Жашы жетелек окуучулардын арасында укук бузууларды, көзөмөлсүз жана кароосуз калгандардын алдын алуу маселеси  боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жамааттары менен бирге өз ара иш алпарат.

# ПОРТФОЛИО



№ 11 Э.Алиев
мектеби
3-"В" класс.

**Шухрадова**
**Мубина**

# РЕЗЮМЕ

**Аты жону:** Шухрадова Мубина

**Туулган жылы,куну** 12.10. 2014-жыл

**Мектеби** Эркин Алиев №11

**Классы** 3 в

**Кызыккан сабактары** Адабий окуу, матем, к-тили

**Жондому** Эң жакшы

**Класс жетекчиси** Дорбонова А

# Портфолио


**№ 11 Э.Алиев а.ж.б.б.**

**орто мектеби**

**4-"В" классынын окуучусу**

**Жолчиева**

**Элнура**



# РЕЗЮМЕ

**Аты жону:** Жолчиева Эльнура

**Туулган жылы,куну** 2012-ж. 3-декабрь

**Мектеби** №11 Эргеш Алиев ж.б.б.

**Классы** 4 в

**Кызыккан сабактары** Чет тили, Математика

**Жондому** Обондуу ыр, порпол ыр.

**Класс жетекчиси** Мамаканова К.-М.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# МАКТОО ГРАМОТАСЫ

Жалал-Абад облусу, Ноокен району
(областы, району, шаары, айылы)

№11 Эргеш Алиев атындагы жалпы билим
(жалпы орто билим берүү мекемеси)

берүүчү мектебинин «2 б» классынын окуучусу

Жолчиева Элнурага, бардык пред-
(окуучунун аты жөнү)

меттерден „эң мыкты" окуп
(сабактын (сабактардын) аталышы)

өздөштүргөнү үчүн сабагынан (сабактарынан)

**ЖЕТИШКЕН ӨЗГӨЧӨ ИЙГИЛИКТЕРИ ҮЧҮН СЫЙЛАНАТ**

Мектептин директору: ________ Эрмеков Э.

Директордун орун басары: ________ Тилен баева Б.

МО

Мугалимдер: кл. жет. ________ Маманазарова К

№ ________

«25» мая 2021 -ж. Кыргызстан айылы.
(шаар (кыштак))

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ПОХВАЛЬНАЯ ГРАМОТА

________
(Ф.И.О.)

*учащийся (учащаяся)* «____» *класса* ________

________
(наименование общеобразовательной организации)

________
(село, район, область)

________ *награждается*

**ЗА ОСОБЫЕ УСПЕХИ В ИЗУЧЕНИИ ПРЕДМЕТА (ПРЕДМЕТОВ)**

________
наименование предмета (предметов)

Директор: ________

Заместитель директора: ________

МП

Учителя: ________

№ ________

«___» ________ 20___ г. ________
(город (село))


32

